*Иш № АД-863/21абс5*

Кыргыз Республикасынын атынан

**Ч Е Ч И М**

көчүрмөсү
КР БОРБОРДУК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ
ЦЕНТРИЗБИРКОМ КР
Кириш / Входящий № 04-09/1915
"17" 06 2021 ж/г

2021-жыл 16-июнь Бишкек шаары

Бишкек шаарынын административдик соту курамында төрагалык кылуучу А.М. Эшалиев, соттук отурумдун катчысы Мидин уулу К.,

Доогерлердин өкүлү Аманов С.К. 2021-жылдын 7-июнундагы ишеним каттарынын негизинде, жоопкер Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын өкүлү К.К. Уметалиевдин катышуусунда,

М.М. Мырзабековдун, М.А. Токторбаевдин Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча Борбордук комиссиясынын 2021-жылдын 13-июлундагы М.М. Мырзабековдун жана М.А. Токторбаевдин даттануусу боюнча кабыл алынган №107, №108 чечимдерин жокко чыгаруу жөнүндөгү арызы боюнча административдик соттук ишти карап,

**а н ы к т а д ы:**

Мырзабеков Медербек Мамасабирович жана Токторбаев Махамаджан Асилбекович Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча Борбордук комиссиясынын 2021-жылдын 13-июлундагы М.М. Мырзабековдун жана М.А. Токторбаевдин даттануусу боюнча кабыл алынган №107, №108 чечимдерин жокко чыгаруу жөнүндөгү арызы менен Бишкек шаарынын административдик сотуна кайрылган.

Анда, АПКнын 201-статьясынын 3-пунктунда участкалык жана аймактык шайлоо комиссияларынын чечимдери тиешелүү даттанууларды жогору турган шайлоо комиссиялары карагандан кийин гана сотко даттанылат. Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум откоруу боюнча борбордук комиссиясынын чечимдери жана (же) аракеттери (аракетсиздиги) түздөн-түз сотко даттанылат.

4-пунктунда. Сотко арыз озунун шайлоо укуктары бузулгандыгы жонундо арыз ээсине белгилуу болгон чечим кабыл алынган аракет (аракетсиздик) жасалган учурдан тартып тез арада, бирок эки календардык кундон кечиктирбестен берилет деп каралган.

Карасуу райондук аймактык шайлоо комиссиясына жазуу жузундогу арызы жана Айыл окмотунун башчысын шайлоонун тартиби жонундогу жобонун 10-пунктундагы корсотулгон документтерди толугу менен тиркеп Мырзабеков Медербек Мырзабеков Медербек Мамасабировичти Карасуу районуна караштуу Папан айыл окмотунун башчылыгына жаны талапкер катары кайтадан отуучу шайлоо айлампасына каттоону отунуп 2021-жылдын 7-июнунда кайрылган. Айыл окмотунун башчысы кызмат ордуна талапкерди каттоо баракчасы берилген.

Карасуу райондук аймактык шайлоо комиссиясынын 2021-жылдын 8-июнундагы айыл окмотунун башчысынын кызмат ордуна талапкерди шайлоого катыштырбайбыз деген маныздa жооп берген. Бирок Аймактык шайлоо комиссиясы коллегиялдык орган болгондуктан добуш беруу аркылуу чечим кабыл алышы керек болчу. Аталган талап аткарылбаган. Аймактык шайлоо комиссиясы катында кайтадан отуучу шайлоо жанынан талапкерлерди корсотуу менен жургузулот деп баяндаган. Шайлоого катыштырбайбыз деп оздору да айткан деп доо арызда белгиленет.

Карасуу райондук аймактык шайлоо комиссиясынын чечимине макул болбой доогерлер КРнын БШКсына арыз менен кайрылышкан. 2021-жылдын 13-июнунда Кыргыз Республикасынын Борбордук шайлоо комиссиясы даттануубузду карап чыгып канаатандырбоо жонундо чечимдерди кабыл алган.



Доо арызда доогерлер Кыргыз Республикасынын Борбордук шайлоо комиссиясынын 2021-жылдын 13-июнундагы № 107, 108 чечимдери томондогу негиздер менен сот тарабынан жараксыз деп табылууга жатат деп эсептешет.

Карасуу райондук аймактык шайлоо комиссиясы доогерлердин экообуно тен Айыл окмотунун башчысы кызмат ордуна талапкерди каттоо баракчасын беришкен. Коллегиялдык орган болгон Аймактык шайлоо комиссиясынын шайлоодон четтетуу тууралуу добуш беруу жолу менен кабыл алынган чечими жок туруп болгону жетекчинин катына таянып кабыл алган чечими мыйзам талаптарына ылайык келбейт. Талапкер катары катталып калгандан кийин аны шайлоодон четтетуу "Айыл окмотунун башчысынын шайлоонун тартиби жонундогу жобонун жана "Жергиликтуу оз алдынча башкаруу жонундогу" Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралбаган.

Жаны талапкерлерди корсотуу менен кайрадан шайлоо отуш керектигин туура деп баамдап, жаны талапкерлер менен биргеликте доогерлер дагы талапкер катары шайлоого катыша ала тургандыктарын арызда корсотушкон. Себеби мыйзамда кайрадан откоруло турган шайлоого доогерлердин катышпай калышы мыйзамда каралбагандыктан шайлоого катыштыруудан баш тартуу жонундогу чечим мыйзамсыз деп эсептешет.

Кайрадан (повторный) откорулуучу шайлоого жаныдан талапкер катары каттоодон отууго мыйзам жол берет. Ушул жобонун 9-пунктунда корсотулгон документтер толугу менен арыз менен тапшырып жатамын. Ушул жобонун 10-пунктунда гана 9-пунктагы учурдагы документтер толук тапшырылбаган же талаптары бузулган учурда гана мотивдештирилген баш тартуу беруу каралган. Ошондой эле айыл окмотунун башчылыгына каттоодон баш тартуу ушул жобонун 13-пунктунда 5 жагдай каралган. Корсотулгон жагдай жок болгондуктан айыл окмотунун башчылыгына каттоодон баш тартууга негиз жок. Ушул эле жобонун 41-пунктунда кайтадан айыл окмотунун башчысына жаны талапкерлерди корсотуу менен кайтадан шайлоо откорулгон учурда ушул жобонун 2-6-главаларын сактоо менен жургузулот деп каралган. Ал главаларда кайтадан откорулуучу шайлоодон мурдакы шайланбай калган талапкер четтетилиши каралбаган.

Аймактык шайлоо комиссиясы талапкерди каттоодон откоруудон баш тартуу жонундогу чечими жок учурда БШКнын чечими мыйзамсыз болуп жатат. БШК Кыргыз Республикасынын АПКнын талабына ылайык 3 кун ичинде даттанууну карап чыгышы керек болчу 5 чи куну гана карап чыгып 1 суткада чечимди колго берди.

Соттук отурумда доогерлердин өкүлү келтирилген доону колдоп, Кыргыз Республикасынын Борбордук шайлоо комиссиясынын 2021-жылдын 13-июндагы №107 жана №108 чечимдерин жокко чыгарып берүүнү суранды.

Ошол эле учурда, Кыргыз Республикасынын Борбордук шайлоо комиссиясынын өкүлү келтирилген доону негизсиз деп эсептеп, аны канааттандыруудан баш тартууну өтүндү.

Сот, иштин ичиндеги материалдарды изилдеп, тараптардын көрсөтмөлөрүн, түшүндүрмөлөрүн угуп, төмөндөгү тыянакка келет.

Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум откоруу боюнча Борбордук комиссиясынын 2021-жылдын 4-июнундагы №363 токтому менен 2021-жылдын 3-июнуна дайындалган Ош облусунун Кара-Суу районунун Папан жана Кызыл-Кыштак айыл өкмөттөрүнүн башчыларын шайлоодо, бир дагы катталган талапкер айылдык кеңештин депутаттарынын добуштарынын зарыл болгон санын албагандыгына байланыштуу, айыл өкмөттөрүнүн башчылары шайланбай калгандыктан, Ош облусунун Кара-Суу районунун Папан жана Кызыл-Кыштак айыл өкмөттөрүнүн башчылыктарына жаңы талапкерлерди көрсөтүү менен кайра шайлоо 2021-жылдын 18-июнуна дайындалган.

Мындан улам, 2021-жылдын 7- июнунда Мырзабеков М. Карасуу аймактык шайлоо комиссиясына Папан айыл окмотунун башчылыгынын шайлоосуна катышуу үчүн арыз менен кайрылган.

Ошол эле учурда, Токторбаев М. Карасуу аймактык шайлоо комиссиясына Кызыл-Кыштак айыл окмотунун башчылыгынын шайлоосуна катышуу боюнча арыз менен кайрылган.

Соттук иштин материалдарынан белгилүү болгондой, Кара-Суу аймактык шайлоо комиссиясы 2021-жылдын 8-июнундагы № 01-4/85 жана 2021-жылдын 8-июнундагы № 01-4/86 каты менен, 2021-жылдын 18-июнуна белгиленген Кызыл-Кыштак айыл өкмөтүнүн башчысын шайлоого карата талапкер катары М.М. Мырзабековдун, М.А. Токторбаевдин тапшырган документтерин Кара-Суу аймактык шайлоо комиссиясы карап чыгып, төмөндөгүлөрдү билдирген.

Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2021-жылдын 19-майындагы №226 Токтому менен 2021-жылдын 3-июнуна дайындалган Папан айыл өкмөт башчысын шайлоого карата 3 талапкер (Карыбеков Кутманали Кудайбердиевич, Мияшев Курбанбек Абдылдаевич, Мырзабеков Медербек Мамасабирович) катталып, талапкерлер жетиштүү добуш албагандыгына байланыштуу шайлоо өтпөдү деп табылган жана 2021-жылдын 18-июнуна кайрадан шайлоо дайындалган.

Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2021-жылдын 19-майындагы №226 Токтому менен 2021-жылдын 3-июнундагы дайындалган Кызыл-Кыштак айыл өкмөт башчысын шайлоого карата 3 талапкер (Маданбеков Бекзат Сайдимаматович, Рахманов Дилмурад Дилдорбекович, Токторбаев Махамаджан Асилбекович) катталып, талапкерлер жетиштүү добуш албагандыгына байланыштуу шайлоо өтпөдү деп табылган жана 2021-жылдын 18-июнуна кайрадан шайлоо дайындалган.

Ошону менен бирге, Аймактык шайлоо комиссиясы Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү оз алдынча башкаруу жонундогу” Мыйзамынын 49-беренесинин 4-пунктунда корсотулгондой кайра шайлоо жаны талапкерлерди корсотуу менен откоруло тургандыгын жогорудагы доогерлерге даректелген каттарда белгилеген.

Арыз ээлери М.М. Мырзабеков, М.А. Токторбаев жана алардын өкүлү С.К. Аманов Карасуу райондук аймактык шайлоо комиссиясынын жогоруда корсотулгон каты боюнча аркеттерге макул болбой 2021-жылдын 9-июнунда Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча Борбордук комиссиясына даттануулар менен кайрылышкан.

2021-жылдын 13-июлунда Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча Борбордук комиссиясы М.М. Мырзабековдун, М.А. Токторбаевдин арыздарын карап чыгып №107, № 108 сандуу чечимдерди кабыл алып, анда М.М. Мырзабековдун, М.А. Токторбаевдин арыздары канааттандыруудан баш тарткан.

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча Борбордук комиссиясын 2021-жылдын 13-июлунда кабыл алынган № 107, № 108 сандуу чечимдери менен макул болбой М.М. Мырзабеков жана М.А. Токторбаев 2021-жылдын 14-июнунда ушул арыз менен Бишкек шаардык административдик сотуна кайрылышкан.

Кыргыз Республикасынын Административдик-процесстик кодексинин 201-беренесинин 1 болугуно ылайык, мамлекеттик бийлик органынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын, коммерциялык эмес уюмдун, шайлоо комиссиясынын, алардын кызмат адамдарынын чечими, аракети (аракетсиздиги) менен шайлоо процессинин субъекттеринин шайлоо укуктары бузулуп жатат деп эсептеген жаран же шайлоо процессинин башка субъекти (шайлоочу, талапкер, саясий партия, алардын шайлоо комиссияларындагы өкүлдөрү, ишенимдүү адамдары, коммерциялык эмес уюм, байкоочулар) жоопкер турган жер боюнча биринчи инстанциядагы сотко арыз менен кайрылууга укуктуу.

Сот келтирилген доону негизсиз деп табып, доо канаатандыруудан баш тартылууга жатат деп эсептейт.

Анткени жогоруда белгиленген талаш жараткан Кара-Суу аймактык шайлоо комиссиясынын 2021-жылдын 8-июнундагы № 01-4/85 жана 2021-жылдын 8-июнундагы № 01-4/86 каты менен аймактык шайлоо комиссиясы каттоого келип тушкон арыздарды



кароодо арыз ээлерине маалымат иретинде шайлоо жүрүшүндөгү жагдайды жана тиешелүү мыйзамга шилтемени белгилеп аталган каттарды жоноткон.

Ал каттар, же аларга байланышкан аракеттер менен доогерлердин белгиленген шайлоого айыл окмотторунун башчысы кызмат орундарына талапкерлигин каттоодон баш тартуу дегенди туюндурбайт, себеби ал маселе аймактык комиссиясынын тиешелүү чечимдери менен каралат. Бул жагдай соттук отурумда аныкталгандай Кара-Суу аймактык шайлоо комиссиясынын 2021-жылдын 15-июнундогы №62 жана №63 чечимдери менен тастыкталат.

Андыктан бул каттар же аракеттер доогерлердин укуктарын, мыйзамдуу кызыкчылыктарын бузбайт деген тыянака сот келет.

Мындай жагдайда талаш жараткан Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча Борбордук комиссиясынын 2021-жылдын 13-июлундагы №107, №108 М.М. Мырзабековдун жана М.А. Токторбаевдин даттанууларын канаатандыруудан баш тартуу жонундогу чечимдери мыйзам чегинде кабыл алынган деп сот эсептейт.

Мындай жагдайда сот, Борбордук шайлоо комиссиясынын талаш жараткан чечимдери Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык кабыл алынган деп эсептеп, М.М. Мырзабековдун, М.А. Токторбаевдин талаптарын жана келтирген жүйөлөрүн негизсиз деп таап, арызын канааттандыруудан баш тартат.

Жогорудагылардын негизинде, Кыргыз Республикасынын Административдик-процесстик кодексинин 201-203-беренелерин жетекчиликке алып, сот

**чечим кылат:**

М.М. Мырзабековдун, М.А. Токторбаевдин Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча Борбордук комиссиясынын 2021-жылдын 13-июлундагы М.М. Мырзабековдун жана М.А. Токторбаевдин даттануусу боюнча кабыл алынган №107, №108 чечимдерин жокко чыгаруу жөнүндөгү арызы канааттандыруудан баш тартылсын.

Чечим 3 күндүк мөөнөт ичинде Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна кассациялык тартипте даттанылышы мүмкүн.

**Төрагалык кылуучу** **А. Эшалиев**